**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**долбоор**

# «ДИНДЕРДИН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ»

**Жалпы билим берүүчү уюмдарынын**
**9-класстары үчүн**

## ПРОГРАММА

**(базалык багытта)**

**Бишкек – 2022**

Автор-түзүүчүлөр:

Жетекчиси: **Иманкулов Муратбек Калматович,** педагогика илимдеринин кандидаты, Кыргыз билим берүү академиясынын жетектөөчү илимий кызматкери;

Мүчөлөрү: **Козубаева Бурул Увайдуллаевна,** Кыргыз билим берүү академиясынын ага илимий кызматкери;

**Курманалиев Кубат Аманович,** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин доценттин м.а.

## МАЗМУНУ

**ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ ........ 4**
**1.1. Курстун мазмуну боюнча кыскача түшүнүк ........ 4**
**1.2. Сааттардын бөлүнүшү ........ 5**
**1.3. Максат жана милдет ........ 6**
**1.4. Негизги компетенттүүлүктөр ........ 7**
**1.5. Предметтик компетентүүлүктөр ........ 9**
**II. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ ........ 11**
**2.1. 9-класстын окуу программасы ........ 11**
**2.2. Күтүлүүчү натыйжа ........ 18**
**III. МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР ........ 20**
**3.1. Окутуунун негизги ыкмалары ........ 20**
**3.2. Окуучулардын билим деңгээлин баалоо ........ 21**
**Талдоо ........ 25**
**IV. НЕГИЗГИ НОРМАТИВДИК ДОКУМЕНТТЕР ........ 26**
**V. СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАР ........ 27**

## ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

### 1.1. Курстун мазмуну боюнча кыскача түшүнүк

Жалпы билим берүүчү уюмдардагы «Диндердин өнүгүү тарыхы» курсу боюнча 9-класстын программасы:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясына (2021);
- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына (2019);
- Кыргыз Республикасынын «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзамына (1991);
- Дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын Концепциясынын жана башка мыйзамдык-нормативдик документтердин жоболоруна
- Кыргыз Республикасындагы жалпы билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына (2022);
- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн 2022-2023-окуу жылынын Базистик окуу планына;
- Кыргыз Республикасындагы жалпы билим берүүчү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) 7-8-9-класстары үчүн «Диндердин өнүгүү тарыхы» боюнча предметтик стандартына (2022) ылайык түзүлгөн.

Дин сан кылымдардан биздин күндөргө чейин, адамзат тарыхынын жүрүшүн көп жагынан аныктаган маанилүү фактор. Жалпысынан алганда, диний агымдар жана окуулар маданияттын, коомдун жана адамзат цивилизациясынын өнүгүшүнө олуттуу таасир тийгизет. Азыркы мезгилде да дин коомдо зор роль ойноп жатат.

Түрдүү адистиктеги мугалимдер өз иштеринде дайыма диний мүнөздөгү маселелерди камтыган проблемаларга туш болууда. Мындай маселелер тарых, дүйнөлүк көркөм маданият, адабият сабактарында гана эмес, география, биология, астрономия сабактарында да кездешүүдө. Бул суроолорго, бирөөлөрдүн диний ынанымдарына шек келтирбестен, бир жактуу эмес жоопторду берүү керек.

Ошондуктан, мектептерде «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин киргизүү зарылдыгы пайда болду. Албетте бул предмет зор кызыкчылыктарды пайда кылат, анткени дин маданияттын өзөктүк элементтеринин бири болуп саналгандыктан, ал ата мекендик жана дүйнөлүк тарыхтын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Аталган предметен алынган билимдер элдердин жана диндердин ортосундагы өз ара түшүнүшүүнү калыптандырууга чоң салым кошо алат.

Диний көз караштардын өнүгүү проблемасына объективдүү жана урматтоо менен мамиле – бүгүнкү күндөгү дин аралашпаган (светтик) мектептердеги гуманитардык билим берүүнүн маанилүү милдеттеринин бири.

Коомдо жүрүп жаткан социалдык-экономикалык, саясий, идеологиялык өзгөрүүлөр азыркы мектепке жаңы талаптарды коюуда. Мектеп, адамзаттын адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктарына таянган, жаңы цивилизациянын шарттарында жашоого даяр, компетенттүү инсанды калыптандыруу керек.

Аталган предмет «Диндердин өнүгүү тарыхындагы» көрүнүштөргө жана фактыларга кандайдыр-бир бааларды жана мүнөздөмөлөрдү берүү менен коштолбогон, маалыматтык формада берүүгө багытталган. Окуу материалдары менен иштөөдө маданият таануучулук мамилелер колдонулат, ал бир предметин ичинде уруулук, улуттук жана дүйнөлүк диндерди окуп-үйрөнүүдөгү оптималдуу жол болуп саналат.

Программа төмөнкү максаттарга жетишүүнү болжолдойт:

- руханий жана коомдук турмуштагы олуттуу окуялар жана процесстер тууралуу билимдерди өздөштүрүүгө көмөктөшөт;
- руханий маданияттын түрдүү көрүнүштөрүнө урматтоо мамилеси калыптанат;
- диний көз караштардын формаларынын көп түрдүүлүгүн анализдей алат;
- окуучуларга руханий баалуулуктардын өз системасын түзүүгө мүмкүнчүлүк берет;
- коомдун жана маданияттын өзөктүк элементтеринин бири катары диндин ролун көрсөтүп бере алат.

Окуу программаларын түзүүчүлөрдүн эң маанилүү милдеттеринин бири-окуучулардын адамзаттын эң байыркы доордон тартып биздин күндөргө чейинки Диндердин өнүгүү тарыхынын жалпылыгын, бирдиктүүлүгүн цивилизациялык өңүттө түшүнүүсүн калыптандыруу. Бул өспүрүмдөрдүн ой жүгүртүүсүн, чыгармачыл жана аналитикалык көз карашта кабыл алуусун өнүктүрүү үчүн өтө маанилүү болуп саналат.

## 1.2. Сааттардын бөлүнүшү

2022-2023-окуу жылынан баштап «Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети жалпы билим берүүчү уюмдардын 9-классында окутула баштайт.

«Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын системасына киргизүүнү практикалык ишке ашыруу өлкөдөгү социалдык-экономикалык абалды: каржылык, адистердин жетишсиздиги, предметти окуу-методикалык жактан камсыздоого байланыштуу кыйынчылыктарды эске алуу менен иш-чаралардын деталдуу планына ылайык этап-этабы менен ишке ашырылат.

Билим берүү системасында болуп жаткан өзгөрүүлөрдү жана жаңы шарттарда республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн эске алуу менен жалпы билим берүүчү мектептин 9-классы үчүн «Диндердин өнүгүү тарыхы» өзүнчө предмет катары төмөнкүдөй окуу планын сунуштайбыз: жумасына 1 саат, жылына 34 саат.

Программадагы бөлүктөрдү жана темаларды окуп-үйрөнүүгө бөлүнгөн убакыт болжолдуу болуп саналат. Мугалим окуу жылынын чегинде, окуучулардын жаштык өзгөчөлүктөрүн жана таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу, курстардын ортосундагы бөлүнгөн сааттардын катнашын сактоо менен, айрым темаларга жана бөлүктөргө бөлүнгөн сааттын санын өзгөртө алат.

Ислам динин, анын ичинде кыргыз элинин диний маданиятынын тарыхын изилдөөгө көбүрөөк убакыт бөлүнөт. Кыргызстандагы ислам – маданий салттын пайдубалынын маанилүү компоненттеринин бири. Өз тарыхынын жана маданиятынын негиздерин билмейинче атуулдукка, мекенчилдикке, гуманисттик жана демократиялык баалуулуктарга берилгендикке тарбиялоо мүмкүн эмес.

## 1.3. Максат жана милдет

«Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети социалдык-гуманитардык билимдердин бирдиктүү жана ошол эле мезгилде көп тармактуу бөлүгү.

***«Диндердин өнүгүү тарыхы» предметинин негизги максаты*** – окуучуларда дүйнөлүк диндердин пайда болуу, өнүгүү жана ишмердигинин тарыхы, алардын коомго тийгизген таасири жөнүндө билимди калыптандыруу; адеп-ахлактын, ыймандын жана диндин адамдын жана коомдун жашоосундагы маанисин түшүнүү; конфессиялар аралык диалогду куруу, адеп-ахлактык жана руханий жактан өзүн өзү өркүндөтүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү; ар түрдүү маданияттардын, улуттардын, ишенимдердин, социалдык топтордун өкүлдөрү менен позитивдүү өз ара аракеттенүү көндүмдөрү; радикалдашууга жана диний кагылышууларга каршы турууга даяр болуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу.

***«Диндердин өнүгүү тарыхы» предметинин негизги милдети***

– окуучуларды өткөндөгү жана азыркы дүйнөдөгү диндердин, маданий каада-салттардын көп түрдүүлүгү, диний жана руханий маданияттын социалдык өнүгүүдөгү ролу менен тааныштыруу;

– окуучуларды руханий-адептик тарбиялоо, адам укуктарына жана эркиндиктерине, ошонун ичинде, пикирин билдирүүгө, динге ишенүү же

ишенбөө эркиндигине, динин тандоосуна жана расасына, жынысына, тилине жана динине карабастан, ынанымдарына эркиндигин урматтоо мамилесин калыптандыруу;

– өз элинин тарыхын, каада-салттарын, ырым-жырымдарын, улуттук өзгөчөлүктөрүн жана кайталангыстыгын аңдап билген, динди адамзат маданиятынын ажырагыс бөлүгү катары урматтаган, көп түрдүү коомдо жашай алган Кыргыз жаранын калыптандыруу.

***«Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин жалпы билим берүүчү мектептердин окуу планына киргизүүнүн максаттары:***

– жалпы орто билим берүүчү мектептерде окуучулардын руханий маданиятын жана адептүүлүгүн камсыз кылуу, коом тарабынан терс социалдык тенденцияларды жана процесстерди четтетүүнүн негизги шарты катары кабыл алуу;

– жалпы орто билим берүүчү мектептерде ар кандай укук бузуулардын алдын-алуу;

– жаштардын арасында диний экстремизмдин, ар кандай диний, деструктивдик багыттардын жана агымдардын таасиринин таркап кетүүсүнүн алдын алуу;

– мамлекеттик билим берүү системасында диний ишенимдер жөнүндө туура маалымат берүү менен балдарды тарбиялоону өнүктүрүү;

– жалпы орто билим берүүчү мектептерде диний эмес көз караштык мамилелердин негизинде иштелип чыккан, дин маданияты тууралуу билимдерди окуп-үйрөнүү практикасын тартипке келтирүү;

– жакынкы келечекте коомдун диний жана диний эмес тараптарын интеграциялоо.

## 1.4. Негизги компетенттүүлүктөр

«Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин өздөштүрүү – окуучулардын диндин табияты, мазмуну, тарыхы жана социалдык функциясы тууралуу илимий негизделген көз караштарын калыптандырууга багытталган, билим берүүчү жана тарбиялоочу таасир көрсөтүүнүн уюшулган процесси. Мындай өздөштүрүү билим берүүнү гуманитарлаштырууга, көз караштарын, руханий баалуулуктарын эркин аныктоого олуттуу көмөк көрсөтөт. Анткени, дин ар бир адамдын жеке ишенимдеринин жана көз караштарынын негизинде кабыл алынат. Диндердин маданияты жөнүндө билимге ээ болуу окуучулардын дин боюнча маселелердин назик жактарын дагы түшүнүүсүнө негиз болуп, алардын дүйнө таанымын кеңейтип, көз карашын калыптандырат. Муну менен

коомдо руханий коопсуздукту камсыз кылат. «Диндердин өнүгүү тарыхы» курсу көз караштык жана конфессиялык толеранттуулукту калыптандыруу, динге ишенүү же ишенбөө эркиндигин жүзөгө ашырууга көмөктөшүү максатын көздөйт.

«Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети өсүп келе жаткан муундардын жашоосуна зор таасир этип, алардын сабырдуулук, ыймандуулук, адептүүлүк, мекенчилдик, чынчылдык жана адилеттүүлүк өңдүү сезимдерин ойготууга жана калыптандырууга мүмкүнчүлүк берип, түрдүү көз караштагы адамдар менен мамиле түзүү жана маектешүү компетентүүлүктөрүнө ээ болууга көмөктөшөт.

**Маалыматтык компетенттүүлүк** – социалдык чөйрө менен өз ара аракеттенүүнүн түрдүү инструменттерин пайдалануу жөндөмдүүлүгү.

**1.** Диндердин өнүгүү тарыхы боюнча материалдарды өз алдынча максаттуу тандап, фактыларды, версияларды пайда болгон көз караштык системалар менен салыштырып, сынчыл анализ жасап, өткөндү баалоодо өз аргументтерин келтире алат; ММК, интернет маалымат булактары менен иштөө жөндөмдүүлүктөрүнө ээ болот;

**2.** Диндердин өнүгүү тарыхы, негиздери, диний ишенимдин өзгөчөлүктөрү, диний жана диний эмес түшүнүктөрдүн ортосундагы байланыштары, жаңы диний агымдар, терроризм жана экстремизмдин коркунучтары, республикадагы диний жана маданий бирикмелер менен мамлекеттин кызматташтыгы тууралуу базалык билимдерге ээ болот;

**3.** Диний көз караштардын пайда болушун, өнүгүшүн, диндин адамзаттын жашоосундагы ролун баалап, маалыматты өз ишмердигин пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланып, адамдар, уюмдар жана социалдык институттар менен өз ара мамилесинде колдонот, аргументтүү корутунду жасап, маалыматка сынчыл ой жүгүртүүнүн негизинде чечимдерди аң-сезимдүү кабыл алат.

**Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк** – башка адамдар менен өз ара аракеттенишүү жөндөмдүүлүгү.

**1.** Алынган маалыматтардын негизинде ар түрдүү позициялар болушу мүмкүн экенин моюнга алуу менен, конкреттүү кырдаалдагы пикир келишпестиктер менен кызыкчылыктарды, тараптардын далилдерин талдоого алат; тараптар өз ара эмнеге макул, эмнеге макул эместигин аныктап, проблеманы кайра формулировкалоо, кайсынысынан кандай шартта баш тартууга болорун аныктоо менен, максаттар менен талаптардын артыкчылыктуулугун көрсөтөт;

**2.** Улуттук руханий баалуулуктарды сыйлоо менен маданиятка жана дүйнө элдеринин диний көз караштарына толеранттуу мамиле жасайт; жалпы адамзаттык баалуулуктарды негиз кылып алып, гуманизмдин идеяларын көтөрүп чыгат, адам укуктарын урматтайт; маданият таануучулук билимдерине, тажрыйбасына, эмоциялык-баалуулук системасына таянып, башка элдер жана маданияттар менен өз ара алака-мамиле түзөт;

**3.** Өз максаттарын башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен салыштырат, позициялардын түрдүүлүгүн таануунун жана баалуулуктарга (диний, этникалык, профессионалдык, инсандык ж.б.), башка адамдарга карата урматтоо мамилесинин негизинде, өз көз караштарын маданияттуу коргой алат; өзүнүн идеяларын айта билүү жана башка адамдардын идеяларын уга билүү, дискуссиянын динамикасын сезе билүү жана регламентти сактоо, сүйлөшүүлөрдү жүргүзө билүү жөндөмдүүлүгү калыптанат.

**Өзүн өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү** – адамдын өз турмушун башкара алуу жана өз алдынча аракеттене алуу жөндөмдүүлүгү.

**1.** Алынган маалыматтардын негизинде диний ишеним жана диний ой жүгүртүүлөрдү, дин менен илимий, дин аралашпаган жана укуктук, диний жана жашыруун диний агымдарды айырмалай билет; глобалдык экстремизм, терроризм жана диний радикализм идеологиясынын коркунучун жана алардан коргонуу керектигин түшүнөт;

**2.** Диндин моралдык-этикалык баалуулуктарын таануу менен түшүндүрө билет; коомдун жашоосундагы диндин дүйнөлүк көз караштагы жана таанып билүүдөгү кызматын (миссиясын) баалайт; улуттук баалуулуктарды сактоо менен ар түрдүү диний ишенимдер жөнүндө көз карашы калыптанат; маселеге сынчыл ой-жүгүртүп, үй-бүлө, коом жана мамлекеттин кызыкчылыктары жана нормаларынын негизинде чечимдерди кабыл алат;

**3.** Топтордо иштей алуу жана ар кандай кырдаалда өз позициясын аргументтүү коргоо менен бирдиктүү чечимге келүү; көп маданияттуу, көп улуттуу жана көп конфессиялуу коомдо өзүнүн ордун табуу ар түрдүү пикирлердин болушуна мүмкүндүк берген чечимдерди кабыл алуу; жазуу жана оозеки баарлашуу жөндөмдүүлүктөрү калыптанат.

## 1.5. Предметтик компетентүүлүктөр

«Диндердин өнүгүү тарыхы» предметинде компетенттүүлүк мамиле негизги орунда турат. Негизги компетенттүүлүктөргө карата предметтик компетенттүүлүктөр билим берүү натыйжаларынын жыйындысы түрүндө тигил же бул предметтин материалдары менен аныкталат. Алар «Диндердин

өнүгүү тарыхы» сабагын окутуу процессинде негизги, калыптандыруучу жөндөмдүүлүктөр болуп саналат.

«Диндердин өнүгүү тарыхы» предметиндеги компетенттүүлүктөр:

- **Дин таануучулук компетенттүүлүк** – бул динди, диний кубулуштарды жана фактыларды акыл-эстүү түшүнүү, аларга баа берүү, өзүнө жана башка адамдарга социалдык, психологиялык, руханий жактан зыян келтирбестен аракеттенүү жөндөмдүүлүгү.

- **Жарандык компетенттүүлүк** – демократиялык коомдо инсанга жарандык укуктардын жана милдеттердин комплексин жигердүү, жоопкерчиликтүү жана натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү жөндөмдүүлүктөр.

- **Руханий-адептик компетенттүүлүк** – адамдын өзүнө, башка адамдарга, коомго, мамлекетке, бүтүндөй дүйнөгө болгон мамилесин салттуу моралдык нормалардын жана моралдык идеялардын негизинде баалоо жана аң-сезимдүү куруу жөндөмдүүлүгү.

- **Көп маданияттуу компетенттүүлүк** – башка маданияттарды жана диндерди түшүнүүгө жана сыйлоого негизделген көп улуттуу, көп маданияттуу жана поликонфессиялык чөйрөдө жигердүү жана натыйжалуу жашоо жөндөмдүүлүгү, ар кандай улуттагы, расалык, ишеним, куракдагы адамдар менен тынчтыкта жана ынтымакта жашоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу.

Диндердин өнүгүү тарыхы предметтик компетенттүүлүктөр менен бирге негизги компетенттүүлүктөрдү дагы калыптандырат. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы предметтик стандартта көрсөтүлгөн.

## II. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ

### 2.1. 9-класстын окуу программасы

**Киришүү (1 с.)**

### I бөлүм. ДИНИЙ ИШЕНИМДЕР

**1-тема. Дин деген эмне? (1 с.)**

Диний ишенимдердин пайда болушу. Дүйнө жүзүндөгү диндердин көп түрдүүлүгү. Дүйнөлүк жана улуттук диндер. Диндердин тарыхын окуунун мааниси эмнеде?

Диний ишенимдердин адамдын жашоосундагы ролу жана орду. Адамдын жана диндин өз ара мамилеси.

**2-тема. Алгачкы диний ишенимдер (1 с.).**

Анимизм - «Жандын» денеден бөлүнүшү. Ата-бабанын арбагына сыйынуу. Кыргыздардын анимизмдин элементтери менен байланышкан көз караштары. Тотемизм. Кыргыздардын тотемдик элестөөлөрү.

Тотемизм менен байланышкан кыргыздардын диний ишенимдери жана көз караштары. Жаныбарларга жана дарактарга сыйынуу. Тумар тагуу.

Фетишизм. Жансыз нерселерге сыйынуу. Магия. Магия - дубалоо жана сыйкырлоо.

Шаманизм. Шаман түшүнгүгү. Кыргыздардагы шаманчылык.

**3 –тема. Зороастризм. Манихейчилик (1 с.).**

Зороастризм – эң байыркы дин. Зороастризм - эки башталыш жөнүндөгү окуу. Заратуштра. Митра кудайына сыйынуу. Зороастризмдеги кудайлар. Нооруз – Жаңы Жылды тосуу – жаратылыштын түбөлүк жаңылануусунун символу, зороастризмдеги салтанаттуу жана шаңдуу майрам. Этикалык үчтүк: жакшы ойлор, жакшы сөздөр жана жакшы иштер – зороастрийсттердин нраваларынын негизин түзгөн. От – тазалыктын, жаңылануунун, жамандыктан бошонуунун символу. Отко сыйынуу – кыргыздардын жаратылыш менен байланышынын элементи. Парсизм.

**Манихейчилик**. Эки башталыш караңгылык жана жарыктык. Алардын мейкиндикте чек менен бөлүнүшү.

**4–тема. Теңирчилик (1 с.).**

Теңирчилик – түрк элдеринин цивилизациясынын негизин түзгөн философиялык-диний окуу. Теңирчиликтин негизги принциптери жана

окуулары–түрк элдеринин жана кыргыздардын дүйнөнү кабыл алуусунун өзгөчөлүктөрүнүн фундаменти.

Дүйнөнүн жаралышы жөнүндөгү элестөөлөрү. Теңирге сыйынуу. Жогорку саясий бийликке сыйынуу, каганга сыйынуу. Каада-салттар, жөрөлгөлөр жана үрп-адаттар. Руналык жазуулардын эстеликтери.

**Кайталоо (1 с.)**

## II бөлүм. УЛУТТУК ДИНДЕР

### 5-тема. Индуизм (1 с.).

Индиянын дини жана маданияты. Ведалар дини. Индиянын кудайлар пантеону. Брахманизм. Индуизм жана андагы негизги багыттар. Брахманизмдеги жаңы агым – Упаншидалар. Атман, сансара, дхарма, карма. Аскеттик турмуш. Брахманизмге каршы баш көтөргөн Будда менен Махавира.

### 6-тема. Иудаизм. Конфуцийдин окуусу (1 с.).

Б.з.ч. II-I миң жылдыктардагы иудаизм динин келип чыгуусунун коомдук-тарыхый себептери. XIII к. жүүттөрдүн Палестинаны басып алуусу жана байыркы жүүт мамлекетинин түзүлүшү. Иудаизм дининдеги кудай Ягвага сыйынуу. Анын ыйык китеби: Танах менен Талмуддун жаралышы жана калыптанышы. Иудаизмдин негизги агымдары.

Конфуцийдин окуусу. Жэнь жана Сяо категориясы. Мамлекет, үй-бүлө, улууну сыйлоо, ата-бабалардын арбагын эстөө жана кадырлоо. «Өзүңө эмне кааласаң, өзгөлөргө ошону каала» принциби. Конфуциандыктын башка диндерден өзгөчөлүгү. Ыйык китептери – «Бешкитеп» жана «Төрткитеп». Конфуцийдин ыйык китеби: «Лунь-юй» («Аңгемелер жана ой-толгоолор»).

Инь жана Янь башталышы. Диний философия: Инь жана Яндык башталыш. Төлгөлөр жана номерлөө. Ааламдын бөлүкчөсүнүн «үч күчү: ци-цзин-шэнь».

### 7-тема. Даосизм. Синтоизм (1 с.).

Дао жана даосизм. IV-III кк. Кытайда философиялык окуу катары даосизмдин пайда болушу. Даосизмдин беш элемент жөнүндө окуусу. Жаратылыш менен жакшы мамиледе болуу. Даосизмдин ыйык китеби – «Лао-цзы» (же «Дао дэ цзин»). Даосизмдеги негизги түшүнүктөр – дао (дүйнөнүн жаралышы, жалпы мыйзам, чексиздик), дэ (даонун көрүнүшү), у-вэй (недеяние). Даосизмдеги кудайлар пантеону.

Япондордун байыркы диний ишенимдери синтоизм булагы катары: тотемизм, анимизм, магия, ата-бабалардын арбагына сыйынуу, уруу

башчыларга сыйынуу ж.б. VI-VII кк. синтоизмдин япондордун салттуу дини катары калыптанышы. Синтоизмдин саясий мүнөзү. Ыйык китептери – байыркы япон летопистери Кодзики, Фудоки, Нихонги (б.з.ч.VII-VIII кк.). Синтоизмдеги уламыштар жана кудайлардын пантеону. Япониядагы буддизм менен синтоизмдин аралашуусу.

**Кайталоо (1 с.)**

## III бөлүм. БУДДИЗМ

**8-тема. Буддизм (1 с.)**

Сидхартка Гаутамма – «Арууланган» ханзаада. Б.з.ч. VI к. Индиядагы диний-философиялык система-буддизмдин келип чыгуусунун себептери. Буддизмдеги «Төрт асыл чындык». Буддалык жашоо образынын сегиз максаты. Нирвана өмүр менен өлүмдүн кишенинен кутулуу катары. Трипитака – буддизмдин ыйык китеби.  Буддизмдеги негизги агымдар: Махаяна. Хинаяна.

**9-тема. Буддизмдин Борбордук Азия менен Кыргызстанга тарашы (1 с).**

Бcounterdanын окууларынын Борбордук Азия менен Кыргызстанга тарашы. Кыргызстандын аймагынан табылган буддизмдин тарыхый эстеликтери. Кыргыздардын буддизм менен тааныштыгы.

**Кайталоо (1 с.)**

## IV бөлүм. ХРИСТИАНДЫК

**10-тема. Христиандык (1с.)**

Христиан дининин пайда болушу. Иисус Христос – диний реформатор. Христиандыктын ыйык китеби – Библия. Келип чыгышы, курамы, түзүлүшү. Эски осуят, жаңы осуят. Апокриф. Алгачкы христиандык. Христиандарды куугунтуктоо. Куугунтуктун бүтүшү. Христиандык Рим империясынын дини. Жалпы христиандык Соборлор же жыйындар. Ерестик. Арианизм, монофизитизм, монотелизм. Догматика. Ыймандын символу. 7 ыйыктарга сыйынуу. Чиркөөлөрдүн бөлүнүшү.

**11-тема. Католицизм (1 с.)**

Католицизмдин пайда болушу. 1054-жылдагы Анафема (каргоо). Рим папасы. Ватикан. Куриялар. Заказдар. Ордендер. Христиан динине ишенгендердин кыймылдары. Догматтары. Ишеним Символуна кошумча

киргизүү. Католиктердин жөрөлгөлөрүндөгү өзгөчөлүктөр. Католицизмдин азыркы абалы. Аймак, тенденциялар, көйгөйлөр. Экинчи Ватикан соборунун мурасы. Католицизм жана маданият. Католиктер азыркы Кыргызстанда.

**12-тема. Протестантизм (1 с.)**

Христиандык агым катары протестантизмдин өзгөчөлүгү. Жалпы протестанттык чиркөөлөр. Протестантизмдин тарыхы. Протестанизмдин классикалык агымдары. Мартин Лютер. Лютерандык. Кальвинизм. Англикандык. Баптизм. Чокундуруу. ЕХБ, Адвентизм. Диний коопсуздук техникалары. Элүүнчү күн. Жахабанын (Иегова) күбөлөрү. Саентология. Протестантизмдин азыркы абалы. Азыркы секталар. Протестантизм жана маданият.

Протестантизм азыркы Кыргызстанда. Потестантизмдин Кыргызстандын коомдук-саясий турмушундагы ролу жана тийгизген таасири. Протестанттардын миссионердик ишмердиги.

**13-тема. Православие (1 с.)**

Православиенин христиандык агым катары өзгөчөлүгү. Догматтары. Сыйынуусу. Кош ишеним. Россияда патриархаттын киргизилиши. Жиктелүү. Петрдин реформалары. Синоддук мезгил. Патриархатты калыбына келтирүү. Православие. Орус православие чиркөөсү. Орус православиесидеги жети ыйыктын өзгөчөлүктөрү. Православие жана маданият. Православдык майрамдар. Православ чиркөөсү. Орус православ архитектурасы.

Орус православие чиркөөсү азыркы Кыргызстанда. Православиелик чиркөөнүн Кыргызстандын коомдук-саясий турмушуна катышуусу.

**Кайталоо (1 с.)**

## V бөлүм. ИСЛАМ

**14-тема. Исламдын жаралышы жана өнүгүшү (1 с.).**

Мухаммед пайгамбардын өмүрү. Пайгамбардын жолун жолдоочулар. Хижра, анын социалдык жана рухий мааниси. Куран - дүйнөлүк маданияттын диний жана адабий эстелиги катары. Исламдагы Курандын орду жана мааниси. Умма – мусулмандардын бирдиктүү коому.

Сунниттер жана шииттер – исламдагы эки негизги багыт. Суннизм жана анын өзгөчөлүктөрү. Шииттер: пайда болуу тарыхы, өзгөчөлүктөрү, агымдары жана учурдагы абалы. Шиизмдеги ыйыктарга сыйынуу. Суфизм. Харижийлер. Мутазилийлер. Муржийлер. Исламдагы мистицизм. Ваххабизм.

**15-тема. Исламдын негиздери (1 с.).**

Мусулмандын беш парзы. Жихад. Шарият мусулмандардын жашоо образын, коомдогу абалын белгилөөчү мыйзамдардын системасы катары. Исламдагы каада-салттар жана тыюу салуулар. Ишенүүнүн күбөлөрү. Намаз – мусулмандардын негизги милдети. Орозо – исламдагы ыйык сыр. Зекет – социалдык теңдиктин негизи. Ажылык – Меккеге зыярат кылуу.

**16-тема. Ислам дининдеги диний-укуктук мектептер (1 с.)**

Фикх – ислам дининдеги жүрүм-турум эрежелери жөнүндөгү окуу. Диний-укуктук мектептер жана алардын пайда болуу тарыхы. Сунниттик исламдагы негизги төрт диний-укуктук мектеп (мазхаб): Ханафилик, Мааликилик, Шаафийлик, Ханбалилик. Диний-укуктук мектептердин (мазхабдардын) өзгөчөлүктөрү. Шииттик исламдагы Джафари мектеби (мазхабы).

**17-тема. Ханафий мазхабы жана Матуриди ишеними (1 с.)**

Имам Аьзам Абу Ханифанын өмүр таржымалы жана ишмердүүлүгү. Ханафий мазхабынын Борбордук Азияга таралышы**.** Кыргызстандын аймагындагы аалымдар.

Абу Мансур аль-Матуриди өмүр таржымалы жана ишмердиги. Абу Мансур аль-Матуриди жана ишеним мектеби. Матуридий ишеним мектебинин өзгөчөлүктөрү.

**18-тема. Исламдагы адеп-ахлактык баалуулуктар (1 с.).**

Мусулмандын адеп-ахлактык сүрөттөлүшү. Мухаммед Пайгамбар – жүрүш туруштагы үлгү жана мугалим. Коомдогу мусулмандын өзүн өзү алып жүрүүсү. Өз ара жардамдашуу жана достук. Ислам жана сергек жашоо, ден соолук. Ата-энеге жана тууган урукка сый-урмат мамилеси. Перзентин тарбиялоодогу ата-эненин жоопкерчилиги. Уруксат берилүүчү (адал) жана тыюуу салуучу (арам) нерселер. Коомдогу мусулмандын өзүн өзү алып жүрүүсү. Ислам майрамдары жана каада-салттары.

**19-тема. Исламдык ренессанс. (1 с.)**

Ислам цивилизациясы дүйнөлүк цивилизациянын бир бөлүгү. Исламдагы илим жана билим берүү. Дүйнөлүк цивилизациянын өнүгүшүнө исламдын кошкон салымы. Илимпоздордун илимге кошкон салымдары. Мухаммед аль-Фараби, Абу Али ибн Сина, Абу Райхан аль-Беруни. Аль-Хорезми, Аль-Кинди, Закария Рази, Мариам аль-Астурлаби, Фатима аль-

Фихри, Улуг Бей, Пири Рейис, Катип Челеби ж.б. Чоң Толедодогу ислам борбору.

Ислам маданияты жана искусство. Мусулман архитектурасы. Мусулман акындар жана жазуучулар. Ислам майрамдары жана каада-салттары. Мусулмандык тамак-аш.

**Кайталоо (1 с.)**

**20-тема. Кыргызстанда исламдын таралуусу (1 с.)**

Сафид-Булан жана Шах Фазиль баяны. Ислам дининин Кыргызстан аймагына таралуусундагы негизги факторлор (сопулук, олуялык, илим-билим, маданий өнүгүү ж.б.).

Жусуп Баласагын жана анын «Кут алчуу билим» поэмасы. Махмуд Кашгари (Барскани). «Дивандын» жазылышы, түзүлүшү, убагы, негизги мазмуну. Кыргыздардын исламды кабыл алуусу.

Руханий маданият: элдик оозеки чыгармачылык, мифтер жана уламыштар, эпикалык мурастар. «Манас» эпосу жана кичи эпостор.

Кыргыз элинин маданияты менен ислам маданиятынын синкретикалык айкалыштары. Сабаттулук, мектептер жана медрселер.

**21-тема. Кыргыз элинин нарк-насили, адеп-ахлактык баалуулуктары (1 с.)**

Улуттук нарк-насили, каада-салт мыйзамдары, кыргыз элинин эрежелеринин жыйындысы, адеби, үрп-адаттары. Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун «Улуттук нарк жөнүндө», «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыктары. Ааламдашуу жана жаңы технологиялар шартында руханий баалуулуктарды, үрп-адаттарды, улуттук каада-салттарды, ырым-жырымдарды сактоо жана өнүктүрүү. Азыркы учурдагы үй-бүлөлүк каада-салттар. Мамлекеттик башкаруу системасына улуттук салттардын таасири. Кыргыз каада-салт, үрп-адаттарынын учурдагы трансформациясы.

**22-тема. Кыргыз Республикасынын дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаты (1 с.)**

Мамлекеттин жана диний уюмдардын өз ара мамилеси. Кыргызстандагы исламдын кайра жаралуусунун негизги өбөлгөлөрү, критерийлери, тенденциялары жана өзгөчөлүктөрү. Социалдык мүнөздөгү түрдүү долбоорлорго КР Муфтиятынын катышуусу. Кыргызстандагы жаңы диний агымдар. Жаңы диний агымдардын таасиринин күчөшү.

**Тема 23. Азыркы дүйнөдөгү диний радикализм, экстремизм, терроризм (1 с.)**

Диний радикализм, экстремизм, терроризм жана анын кесепеттери. Саясий исламдын кириши, анын өзгөчөлүктөрү. Аль-Каида. Талибан кыймылы. Ислам мамлекети. Мусулман дүйнөсүнүн маанилүү бөлүгүндө руханий климатты калыптандырууда исламдын ролу.

Кыргызстандагы диний экстремизмдин түрдүү көрүнүштөрүнүн таралуусунун негизги фактолору. Легалдуу эмес «Хизб ут-Тахрир» партиясынын республикадагы ишмердиги.

Салттуу эмес диний кыймылдардын диний сыйынуудан тышкаркы ишмердиктеринин мотивдеринин негизги багыттары, прозелитизмдин конфликттик потенциалынын коомдук турмуштун түрдүү жактарына, ошонун ичинде, өлкөдөгү диний кырдаалга тийгизген таасири.

**24-тема. Ааламдашуу доорундагы диндер аралык диалог (1 с.)**

Диний аң-сезимдеги модернизм жана салттуулук. Диний салттардын көп түрдүүлүгү жана азыркы маданияттагы толеранттуулук көйгөйү. Диний плюрализм. Маданияттардын диалогу. Конфессиялар аралык, диндер аралык, секулярдык диалог. Эл аралык диний уюмдар жана форумдар.

Абийир эркиндигинин концепциясы, коомдун тарыхындагы абийир эркиндигинин практикасынын негизги этаптары. Светтик жана диний билим. Дин жана маалымат каражаттары.

**Кайталоо (1 с.)**

**Мугалимдин резерви 3 с.**

## 2.2. Күтүлүүчү натыйжа

**9-класста Диндердин өнүгүү тарыхы предметин окуп-үйрөнүүдө окуучу**

- дин жана диндин негиздери деген эмне экендигин аныктап, түрдүү диндердеги тарыхый окуяларды, көрүнүштөрдү сүрөттөп бере алат;
- диндин дүйнөлүк цивилизациялардагы ордун түшүнөт жана түшүндүрмө бере алат;
- өзүнүн жана башка элдердин маданий: руханий жана материалдык баалуулуктарын таанып-билет;
- диний ишенимдерге негизделген жалпы адамзаттык баалуулуктардын келип чыгуусун анализдейт;
- коомдун өнүгүүсүнө таасир эткен тарыхый процесстердин, окуялардын жана кубулуштардын себеп-натыйжаларын түшүнөт;
- диний ишенимдердин пайда болуусунун себептерин, диндин цивилизациялардын өнүгүүсүнө жана коомдук мамилелерге тийгизген таасирин жана камтыган географиялык мейкиндиктерин билет;
- өз элинин жана дүйнө элдеринин диний ишенимдерине мүнөздөмө берип, маданияттын баалуу эстеликтерине жана алардын түзүүчүлөрүнө баа бере алат;
- фактыларды (айрым окуяларды) жана процесстерди, көрүнүштөрдү шайкеш келтирет, диндердеги тарыхый окуяларды, кырдаалдарды, көрүнүштөрдү салыштыра алат;
- диндердеги тарыхый окуялардын себептик-натыйжалык жана өз ара байланыштарын айкындап, окуялардын, процесстердин жана көрүнүштөрдүн маңызын, тиешелүү экендигин, типтерин ажыратып бере алат;
- алынган маалыматтардын негизинде окуяны жыйынтыгын бүгүнкү күндүн көз карашы менен баалай алат;
- диндердин өз ара окшоштуктарын жана өзгөчөлүктөрүн ажыратып, турмуш-тиричиликке аралашкан жактарын белгилей алат;
- өлкөнүн жараны, үй-бүлө, этникалык жана диний топтун, жалпылыктын мүчөсү катары өз иденттүүлүгүн аңдап билет;
- азыркы коомдун гуманисттик традицияларын жана баалуулуктарын кабылдайт жана адам укуктарын жана эркиндиктерин урматтайт;
- өткөн муундардын социалдык-адептик тажрыйбасы тууралуу ой жүгүртөт, коомдогу өз позициясын жана жүрүш-турушун жөнгө салат;
- өз элинин маданий байлыктарын анализдеп, анын диний-маданий баалуулуктарына инсандык мамилесин билдирип, өз өлкөсүнүн жана адамзаттын материалдык жана руханий маданият жаатындагы мурастарын байлыктарын сактайт жана урматтайт;

- үй-бүлөлүк, социалдык, коомдук көрүнүштөрдүн жана каада-салттардын маданият таануучулук негиздерин өздөштүрүп, өз элинин маданий мурастарына урматтоо жана башка элдердин маданий мурастарына толеранттуу менен мамиле жасайт;

- дин маданиятынын негиздерин өздөштүрүүгө кызыгуу менен адамдын, адамзаттын, айрым элдердин жашоосунун руханий-адептик негиздерин, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга урматтоо менен мамиле жасайт;

- диний-маданият таануучулук жана эмоциялык-баалуулук мамиленин тажрыйбасына таянып, башка элдердин жана маданияттардын өкүлдөрү менен алака-мамиле түзөт;

- дин, маданият жана коом менен байланышкан: социалдык жана экологиялык жоопкерчилик, технологиялык проблемалар, тынчтык жана демократия боюнча ой-жүгүртүп, талкуулайт;

- өзүнүн үй-бүлөдөгү, коомдогу жана мамлекеттеги ролун жана ордун аныктап, жоопкерчиликтүү боло алат;

- өзүнүн иш-аракетин улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар жана коомдук эрежелердин нормалары менен дал келтирет;

- көп маданияттуу, көп этностуу жана көп конфессиялуу коомдо жашай алуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болот;

- өз позициясына ээ болуп, анын негизинде көз карашын билдирет, сынчыл ой-жүгүртүп, чечимдерди кабыл алат;

- башкалардын диний ишенимдерине, каада-салттарына жана ыйык жерлерине сый-урмат менен мамиле жасайт;

- диний жөрөлгөлөрдү практика жүзүндө коомдук нормаларда, жүрүш-туруш эрежелеринде, каада-салтта жана майрамдарда колдоно алат;

- топтордо иштеп, оозеки жана жазуу түрүндө тапшырмаларды аткарып, өз оюн билдирет, маалымат технологиялары менен иштеп, топтолгон материалдарды презентациялайт;

- окуу жана мектептен тышкаркы окуу маалыматтары (фактыларды талдоо жана жалпылоо, жөнөкөй жана кеңири план, тезис, конспект түзүү, корутунду жасоо жана негиздөө ж.б.) менен иштөө көндүмдөрүнө ээ болуп, маалыматтын азыркы булактарын, ошонун ичинде, электрондук материалдарды колдонот;

- чыгармачыл тапшырмаларды аткарууга, ишмердигинин натыйжаларын түрдүү формада ( эссе, презентация, реферат ж.б.) алып чыгууга жөндөмдүү;

- тарыхый булактардагы фактыларды конспект, реферат, рецензия, презентация түрүндө чагылдыра алат.

# III. МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР

## 3.1. Окутуунун негизги ыкмалары

Билим берүүнүн дин аралашпаган (светтик) мүнөзү, Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы саясатынын негиз болуучу принциптеринин бири болуп саналат. Ал Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана тиешелүү мыйзамдарда бекемделген. Анын маңызы, билим берүүнүн жана тарбиялоонун мамлекеттик системасы, динге карата тигил же бул көз карашты калыптандыруу максатын көздөбөгөндүгүндө болуп саналат.

Жалпы билим берүүчү мекемелерде атеисттик да, диний да пропагандага жол берилбейт. Билим берүүчү мекеме динге нейтралдуу жана динге карата тигил же бул мамилени калыптандыруу максатын көздөбөйт. Дин аралашпаган (светтик) мектеп, динге ишенүү же ишенбөө принцибин сактоонун гарантынын ролун ойнойт. Баланын кызыкчылыктарына жана конституциялык укуктарына кепилдик берилип, динге ишенүү же ишенбөө жана диний ишенимдерин эркин тандоо мүмкүнчүлүгү камсыз кылынат.

Жалпы билим берүүчү уюмдарда (мектеп, гимназия, лицей) «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин өздөштүрүүнүн методикалык негизи окуучулардын жигердүү таанып билүүчүлүк ишмердүүлүктөрүн уюштуруу аркылуу инсандык, метапредметтик жана предметтик билимдердин натыйжаларына жетүүнү камсыз кылуучу системалык-ишмердүүлүк өңүт болуп саналат. «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин окутуу процесси дин боюнча илимий теорияларды, тарыхый фактыларды камтып, окуучунун динге байланыштуу түшүнүктөрүн бекемдеп, анын дүйнөгө болгон көз карашын илимий жактан кеңейтиши жана калыптандыруусу зарыл. Окуучунун көп маданияттуу коомдо жашоо, ар түрдүү диндердин маданиятын түшүнүү жана урматтоо, жүрүм-туруму үчүн өзүнө жоопкерчиликти ала билүү, биргелешкен чечим кабыл алууга катышуу, ар кандай пикир-келишпестиктерди сүйлөшүү жолу менен жөнгө салуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруусу керек. Ошондой эле, расалык, этностук жана гендердик дискриминацияга жол бербөө, жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыгын таанууга багытталышы маанилүү.

«Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин окутууда салттуу, активдүү жана интерактивдүү методдорду айкалыштырып колдонуу сунушталат. Бул окутуу процессинде окуучулардын улуттук баалуулуктарга, диндердин жана диний ишенимдердин өнүгүү тарыхына жана адеп-ахлактык нормаларга байланыштуу түшүнүктөрдү, принциптерди жана окуу материалын жеке, жуптук жана топтук ишмердүүлүк аркылуу окуп-үйрөнүүгө жана

өздөштүрүүгө жардам берет. Заманбап технологияларды жана ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын сынчыл, аналитикалык жана клиптик ой-жүгүртүүсүн өстүрүү; окуу материалын анализдөө, синтездөө, жыйынтыктоо көндүмдөрүн; маалымат менен иштөө, өз көз карашын билдирүү жана алган билимин практикада колдоно алуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу керек.

Окутуунун формасы окуу-методикалык комплексин түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Сабактарда мугалим окуучулардын даярдык деңгээлине жараша түрдүү окуу китептерди, репродукцияларды, фото-, аудио жана видеоматериалдарды, адабий, философиялык жана публицистикалык эмгектерди колдонушу мүмкүн. Курстун программасын окутуунун жүрүшүндө музейлерге, мечиттерге, медреселерге, түрдүү диний конфессиялардын храмдарына экскурсияларды уюштуруу сунушталат.

### 3.2. Окуучулардын билим деңгээлин баалоо

*Баа* – окуучуларга алардын жетишкендиктерин же класстагы аткарган иштерин текшерүү үчүн коюлат.

*Баа* – окуучуда калыптанган компетенттүүлүктүн, Мамлекеттик жана предметтик стандарттарда бекемделген сапаттык аныктоо даражасы.

*Баалоо* – бул окуучунун алган билиминин деңгээлин, ээ болгон компетентүүлүгүн, мугалимдин эмгегинин натыйжасын, ата-эне күткөн жыйынтыкты жана мамлекет талап кылган жарандын образын көрсөтөт.

*Баалоо системасы* – татаал жана көп функциялуу система, мында баалоого окуучулар гана эмес, мугалимдер, коомчулук, ата-энелер, билим берүүгө тиешеси бар бардык инсандар катышат.

*Баалоонун максаты* – стандартта талап кылынган жыйынтыктарга жетүү процессин көзөмөлдөө; окуучулардын билимин жана түшүнүгүн текшерүү; алган билимин турмушта колдоно алуусуна жетишүүгө жардам берүү; өзүн-өзү баалоого жана көзөмөлдөөгө шарт түзүп берүү; мугалимдер, окуучулар жана ата-энелердин ортосунда кайтарым байланышты уюштуруу ж.б. Критерийлерге негизделген стандарттык белгилөө боюнча баалар бардык окуучулар үчүн мүмкүн, окуучулар белгилүү бир аныкталган баадан башка бааны алышпайт.

«Диндердин өнүгүү тарыхы» предметинде баалоонун принциптери:

– **Объективдүүлүк.** Обьективдүүлүк принциби бардык окуучулар бир эле сыноодон бирдей шарттарда өтүшүн талап кылат. Маалыматтарды иштеп чыгуунун объективдүлүгү мугалимде да, окуучуларда да баанын так критерийлеринин болушун талап этет. Баалоо класстагы жагымдуу атмосферанын шартында жүргүзүлүүгө тийиш.

– **Ачыктык** баалоонун критерийлери менен формалары окуучуларга күн мурунтан белгилүү болуусун талап кылат. Окуучулар эмне жана кантип бааланарын билиши керек, мында алар баалоонун критерийлерин иштеп чыгууга катыша алышат.

– **Ишенимдүүлүк.** Бул принцип материал боюнча кошумча сабактарды өткөрбөстөн, берилген тапшырмаларды кайталап колдонууда бир эле окуучуга карата алганда бирдей жыйынтыктарды камсыз кылууга тийиш.

– **Валиддүүлүк** – баалоо методунун шексиздиги, ал өлчөнүүгө тийиш болгон нерсенин өлчөнүп жатканын көрсөтөт.

Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүү стандартында баалоонун үч түрү белгиленген: диагностикалык, формативдик жана суммативдик.

**Диагностикалык баалоо** окуу жылынын башында окуу процессиндеги окуучулардын жетишкендигин баалоо үчүн жүргүзүлөт. Мугалим окуу жылынын ичинде окуучунун комптетенттүүлүктөрүнүн калыптангандыгын жыл башындагы жетишилген натыйжалар менен салыштырат. Бул процессте предметтик стандартта көрсөтүлгөн күтүлүүчү натыйжаларга таянуу керек.

**Формативдик баалоодо** окуучунун жөндөмдүүлүктөрүнүн деңгээли эмес ал аткарган конкреттүү иш бааланат. Берилген тапшырмаларды жеке, жуптук жана топтук ишмердүүлүктө аткара алуусу, активдүү катышуусу, берген жыйынтыгы каралат. Баалоонун критерийлерин (упайларды) колдонсо болот.

**Суммативдик баалоо** окутуунун ар бир баскычы үчүн пландалган натыйжага окуучунун жетүү даражасын аныктоодо колдонулат. Баа журналга коюлат.

Диагностикалык, калыптандыруучу баалоо окуучулардын окуу жыйынтыктарынын «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметинин стандартынын талаптарына ылайык келүүсүн аныктоо максатында жүргүзүлөт.

Диагностикалык баалоо окуу жылынын/ар бир циклдин башында окуучулардын билиминин жана компетенттүүлүгүнүн баштапкы деңгээлин баалоо үчүн жүргүзүлөт. Диагностикалык баалоонун жыйынтыгы менен секциянын/чейректин/окуу жылынын жыйынтыгын салыштыруу. Формативдик баалоо – бул окуучулардын ишин үзгүлтүксүз баалоо. Формативдик баалоонун максаты окуучулардын ийгилигин жана жеке жетишкендиктерин аныктоо болуп саналат. Окуучулардын жөндөмдүүлүгүнүн деңгээли эмес, анын аткарган конкреттүү иши бааланат.

Формативдик баалоодо окуучулардын өзгөчөлүгү эске алынат (эмгектин темпи, ишмердүүлүк ыкмалары ж.б.). Баалоодо критерийлер технологиясы колдонулат. Оозеки жана/же жазуу жүзүндөгү корутундулардын жардамы

менен жүргүзүлгөн баалоо андан кийин кагазга жана/же электрондук журналга жазылган белгиге которулат.

Жалпы билим берүү уюмдарында «Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети боюнча окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоодо диагностук жана формативдик баалоо ыкмалары колдонулат.

Мугалим жетектеген баалоо менен бирге окуучулар өз ара баалоону (жупта/топто) жана өзүн-өзү баалоону (рефлексия) да так аныкталган критерийлердин негизинде жүргүзө алышат. «Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети окуучулардын инсандыгынын когнитивдик гана эмес, өзгөчө эмоционалдык-нарктык компонентине да таасирин тийгизерин эске алуу менен, мугалимдин окуучулардын ишенимине баа берүүгө укугу жок экендигин түшүнүү керек; дин/дин таануу тарыхын изилдөөгө байланышкан билим берүү натыйжалары гана бааланат.

**Окуучуларды баалоо объективдүү болушу үчүн б**аалоонун критерийлерин пайдалануу сунушталат.

Критерийлер боюнча баалоо ар бир окуучунун ишмердүүлүгүн гана баалоого (бир окуучунун жообун/ишин башка окуучунун жообу/иши менен салыштырбай) мүмкүндүк берет. Окутуунун натыйжаларына карата алганда окуучунун окутулгандык деңгээлин аныктайт. Бул жерде ар бир окуучу тарабынан материалды өздөштүрүү деңгээли баалоонун критерийлерине жана тиешелүү күтүлгөн натыйжаларга жараша бааланат.

Окуучунун окуудагы жетишкендиктерин баалоонун критерийлеринин негизи болуп окутуудан күтүлүүчү натыйжалардын жыйынтык максаттары эсептелет.

Мындай баалоонун критерийлерин пайдаланууда окуу процессинин бардык катышуучулары үчүн баалоо ачык-айкын жана түшүнүктүү болот. Бул критерийлер обьективдүү баалоону камсыз кылат. Мындай баалоодо мугалим баалоонун критерийлери менен окуучуларды күн мурунтан тааныштырусу керек. Ушундай учурда гана окуучулар ар бир тапшырмага түшүнүү менен мамиле кылышат, бул болсо кийинки жетишкендиктерге жетүүгө мүмкүндүк берет.

***Баалоонун жалпы критерийлери:***

- Окуучунун жообу окуу программасына жана окуу китебиндеги материалга дал келүүсү, стандартта белгиленген негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн элементтеринин болуусу;
- Окуучу теманы өздөштүрүп, жалпы жана жекече факторлорду, окуяларды, процесстерди, ж.б. эстеп калат, аларды айтып бере алат;
- Окуучу оюн толук, так түшүндүрүп, фактыларды, эрежелерди, принциптери түшүндүрүп бере алат, чечмелейт, аныктайт, тактайт;

- Окуучу, логикалык суроолорду берип, топтук иштерге активдүү катышып, жаңы кырдалдарга карата жалпы принциптерди, абстрактуу түшүнүктөрдү ылайык келтирет, турмуштук кырдаалда пайдаланат;
- Маалыматты бөлүктөргө ажыратат, тезистеги маанилүү фактыларды, гипотезаларды аныктайт, кырдаалдагы маанилүү жана маанилүү эмес фактылардын чегин ажыратат;
- Белгилүү бөлүктөрдүн негизинде бүтүндүктү (маалыматты, планды, иш-чараларды) жаратат. Бөлүктөрдү бүтүнгө айландырат. Эссе, дилбаян жаза алат, иш аракеттин планын түзө алат;
- Белгилүү чен-өлчөмдөргө, критерийлерге карата маанилүүлүктү, тактыкты, окшоштукту, шайкештикти аныктайт, натыйжага баа берет;
- Практикалык иштерди аткарып, оозеки жооп бере алат, жазуу иштерин аткаруу жөндөмдүүлүктөрүнө ээ.

***«Диндердин өнүгүү тарыхы» предметинде окуучуларды баалоонун болжолдуу критерийлери:***

**1. Оозеки жооп берүүнүн критерийлери:**

- жооп окуп-үйрөнгөн материалга негизделиши;
- логикалык уланмалуулукта жана толук болушу;
- жооп адабий тилде берилиши;
- окуучунун өзүнүн көз карашын билдириши керек.

**2. Жазуу иштерин баалоонун критерийлери:**

- жооп окуп-үйрөнгөн материалды толук камтыйт;
- жооп берүүдө өзүнүн жекече көз карашын билдире алат;
- жообунда терминдерди жана түшүнүктөрдү колдоно алат;
- жооп фактыларга, коомдук жана жекече тажрыйбаларга негизделген.

**3. Практикалык ишти баалоонун критерийи:**

- окуучулар өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө тапшырмаларды аткаруунун уланмалуулугун сактайт;
- тапшырмаларды аткарууда өз алдынча сунушталган булактарды тандап, аларды колдоно алат;
- теориялык алган билимин, практикалык көндүм, ыкмаларды өздөрүнүн практикалык ишмердүүлүгүндө колдоно алат;
- чыгармачыл эмгектерин презентациялоодо техникалык жана стилистикалык каталары жок.

**Талдоо**

Баалоонун эң негизги этабы болуп алынган натыйжаларды балоо эсептелет. Окуу процессинде мугалим ар бир өткөрүлгөн ишке талдоо бериши керек.

Талдоонун жыйынтыгы боюнча мугалим:

1. Окуучулар менен кеңири байланышты түзүүсү жана каталардын үстүндө иштөөнү сунуш кылуусу;

2. Өзүнүн ишмердүүлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүүсү, мисалы:

– окуучулар кыйналган темаларды өдөштүрүүнү улантуу;

– окуучулардын түшүнүүсүн жакшыртуу үчүн кошумча убакыт бөлүү;

3. Окутуу методикасын көңүл буруусу, оңдоолорду киргизүүсү;

4. Календардык-тематикалык пландоону коррекциялосу керек.

# IV. НЕГИЗГИ НОРМАТИВДИК ДОКУМЕНТТЕР

– Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2021-ж.);

– Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы (2019-ж.);

– Кыргыз Республикасынын «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» мыйзамы (2008-ж.);

– Кыргыз Республикасынын «Эркектер менен аялдардын бирдей укуктарынын жана бирдей мүмкүнчүлүктөрүнүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» мыйзамы (2008-ж.);

– Кыргыз Республикасынын Президентинин «Инсандын руханий, адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене-тарбиясы жөнүндө» Жарлыгы (2021-ж.);

– Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарына «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин киргизүү жөнүндө» Жарлыгы (2022-ж.);

– Кыргыз Республикасынын Президентинин «Улуттук нарк жөнүндө» Жарлыгы (2022- ж.);

– 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы;

– Кыргыз Республикасында 2021-2040-жылдарда билим берүүнү өнүктүрүү программасы;

– 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы;

– Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (2022-ж.).

## V. СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Религиоведение для вузов Кыргызстана Учебное пособие Отв. ред. проф. В.Д. Горячева, проф. Н.У. Курбанова. Бишкек: 2012.
2. Религиоведение / под ред. М.М. Шахнович. СПб., 2006.
3. Религиоведение / под ред. И.Н. Яблокова. М., 2001.
4. Яблоков И.Н. Социология религии. М., 1979.
5. Григоренко А.Ю. Разноликая магия. М., 1986.
6. Кыргызские сказания / Сост. И.А. Шерстюк. Бишкек, 2005.
7. Мифологии Древнего мира. М., 1997.
8. Токарев СА. Ранние формы религии. М., 1990.
9. Фиельструп Ф.А. Из обрядовой жизни киргизов начала XX века. М., 2002.
10. Яблоков И. Основы религиоведения. М., 1994.
11. Авеста в русских переводах. СПб., 1998.
12. Бойс М. Зороастрийцы. Верования и обычаи. СПб., 2003.
13. История религии: В 2 т. Т.1. М., 2002.
14. Малерб М. Религии человечества. М.; СПб., 1997.
15. Пилкингтон С.М. Иудаизм. М., 2001.
16. Токарев С.А. Религия в истории народов мира. М., 1986. Введение в буддизм. СПб., 1999.
17. Дюмулен Г. История дзен-буддизма. Индия и Китай. СПб., 1994.
18. Ермакова Т.В., Островская Е.П. Классический буддизм. СПб., 1999.
19. Кеоун Д. Буддизм / пер. с англ. Н.Л. Некрасовой. М., 2001.
20. Перельструз Л.В. Религии мира. Буддизм. М., 2006.
21. Булгаков С.Н. Православие (Очерки учения православной церкви). М., 2003.
22. История религии / Под общей ред. проф. И.Н. Яблокова. М., 2004. С. 65-273.
23. Из истории древних культов. Христианство. Ташкент, 1994.
24. Озмитель Е.Е. Православные храмы Киргизии. Бишкек, 2011.
25. Православная церковь. Храм, богослужение, таинства, православные праздники, наука и вера / Сост. А.М. Кашпер, С.А. Шумер, А.Р. Андреев. М., 2002.
26. Шлеман А. Исторический путь православия. М., 1993.
27. Курбанова Н. Ислам в общественно-политической жизни современного Кыргызстана. Б., 2009. С.17-27.
28. Краткий анализ религиозной системы в Кыргызстане / Под общей ред. Мамаюсупова О.Ш. Гос. агенство по делам религий при Правительстве Кыргызской Республики. Бишкек: Алтын Тамга, 2006.
29. Малтабаров Б. Религия и социально-политические процессы в Кыргызстане. Бишкек, 2002.